**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ТИЛЕКТЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛ ОКМОТ**
**ТИЛЕКТЕШСКОГО АЙЫЛНЫЙ**
**КЕНЕШ**

---

**Тилектеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XXII сессиясынын**

# Т О К Т О М У

23.07.2026. № 22/5 Жаңы-Турмуш айылы

**Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Гердегей участкасында жайгашкан аянты 340,77 чарчы метр болгон бош жер тилкесин айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 111-беренесин, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 21-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 27-34-беренелерин жетекчиликке алып, айыл өкмөтүнүн орун басары Г.Мадаевдин Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Гердегей участкасындагы бош 340,77 чарчы метр жер тилкесин айыл өкмөтүнүн менчигине кабыл алууга макулдук берүү жөнүндөгү маалыматын угуп жана талкуулап, Тилектеш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XXII сессиясы **токтом кылат**:

1. Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Гердегей участкасында жайгашкан аянты 340,77(үч жүз кырк бүтүн жүздөн жетимиш жети) чарчы метр болгон, мамлекеттик каттоодон өтө элек, бош жер тилкесин мыйзамдарда белгиленген тартипте муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берилсин.
2. Тилектеш айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына:
   - Жер тилкесинин укуктук макамын аныктоо;
   - Муниципалдык менчик укугун мамлеккеттик каттоодон өткөрүү;
   - Муниципалдык мүлктүн реестрине киргизүү боюнча тиешелүү чараларды көрүү тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин агрардык маселелер жана жер реформасы боюнча комиссиясына жүктөлсүн.
4. Ушул токтом расмий жарыялангандан кийин күчүнө кирсин.

**Төрага** **К. Төрөшев**